“Бекитемин”
К. И. Скрябин атындагы КУАУнун
окуу иштери боюнча проректору,
в.и.д., профессор А. Ш. Иргашев
________________
“___”________2025-ж.

**«Илимий-изилдөө, илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын ишке ашыруу актысы»**

1. **Ишке ашыруунун автору:** Бектурганова Бааркүл Шаршенбековна.
2. **Илимий-изилдөө иштеринин жана илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарынын аталышы:** «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» темасындагы биология илимдеринин кандидат окумуштуулук даражасын изилдөөдөгү 03.02.03 – микробиология адистиги боюнча диссертация.
3. **Кыскача аннотация:** Соң-Көл өрөөнүнүн суук климаттык шарттарындагы топурак микроорганизмдеринин ар түрдүүлүгү, биомассасы жана экологиялык ролу изилденип, алардын топурак түзүлүшү, органикалык калдыктарды айлантуу жана биогендик элементтердин (азот, көмүртек) циклдериндеги функциялары аныкталды. Аныкталган штамм *Streptomyces diastochromogenes* SK-6 биотехнологиялык мааниге ээ болгондуктан “Агроном, Өсүмдүктөрдү коргоо, Токой чарба” адистерине келечекте колдонууга сунушталат. *Streptomyces diastochromogenes* SK-6 штаммы өсүмдүктөрдө, мөмө жемиш бактарындагы зыяндуу козу карындардан (мисалы, *Fusarium*, *Rhizoctonia*, *Venturia*) жана айрым бактериялык оорулардан биологиялык жактан коргой алат. Агрономияда, дыйканчылыкта жана токой чарбачылыгында бул штаммды биоагент катары колдонуу өсүмдүктөрдүн туруктуулугун жогорулатууга, түшүмдүүлүгүн сактоого жана химиялык пестициддерди аз колдонууга өбөлгө түзөт. *Streptomyces diastochromogenes* SK-6нын практикалык мааниси – экологиялык накта таза азык зат алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү болуп саналат. Соң-Көл өрөөнүндөгү топурак жана суу микроорганизмдеринин биоэкологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө алардын экосистемадагы ордун жана биотехнологиялык потенциалын аныктоо максатында илимий-практикалык мааниге ээ.
4. **Илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын ишке ашыруунун таасири:** Изилдөөнүн натыйжалары микробдук биоагенттерди тандоо жана колдонуу, экологиялык таза биопрепараттарды түзүү, өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу жана фитопатогендерге каршы биоконтролдук системаларды өнүктүрүү боюнча окуу-методикалык жана практикалык материал катары пайдаланылат.

5. **Колдонуу жери жана убактысы:** 2024-2025-окуу жылы, Бишкек ш., Медеров көчөсү 68, К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, агрономия жана токой чарба факультети.
6. **Ишке киргизүүнүн формасы:** Изилдөөнүн жыйынтыгында алынган *Streptomyces diastochromogenes SK-6* штаммынын биологиялык активдүүлүгү, антимикробдук жана өсүү стимулдоочу касиеттери боюнча алынган маалыматтар биотехнология, микробиология жана өсүмдүктөрдү коргоо тармагындагы билим берүү процессинде колдонууга сунушталат. Алынган материалдар жана эксперименттик маалыматтар микробиология, биотехнология, экология, өсүмдүктөрдү коргоо боюнча лекциялык жана лабораториялык сабактарда, ошондой эле студенттердин, магистранттардын жана аспиранттардын илимий-изилдөө иштеринде колдонууга туура келет.

**Иштеп чыгууну ишке ашырган уюмдун өкүлү**

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, агрономия жана токой чарба факультетинин деканы а.ч.и.к., доцент К. Б. Мамбетов

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин, агрономия жана токой чарба факультетинин топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын башчысы, доцент Т. Ж. Ызаканов

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛ...

Подпись К. Мамбетовдун, Т. Ызакановдун кол тамгаларын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
"20" мая 2025 г.

---